

Сүйөркул Тургунбаев

# ЭКИ АСКА

СҮЙӨРКУЛ
ТУРГУНБАЕВ

# ЭКИ АСКА

Ырлар
жана
поэмалар



ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН» 1982

84Ки 7
Т 87

**Тургунбаев Сүйөркул.**

Т 87 Эки аска: Ырлар ж-а поэмалар. — Ф.: Кыргызстан, 1982. 100 бет.


С. Тургунбаев поэтикалык натурасы, дүйнөнү көркөм кабыл алуу жана жалпылоо ыкмасы, өзүнчө стили жана жалпылоо ыкмасы, өзүнчө стили жана үнү бар акын катары китепкөйлөргө белгилүү. Акын бул жыйнагына кийинки жылдардагы жан күйгүзгөн ырлары жана поэмалары топтолду. Аларда табият менен адамзаттын, өткөн менен бүгүнкүнүн эриш-аркак байланышы, жарыкчылык менен азыркы техникалык кылымдын карым-катнашы бийик эмоция, таза үн менен шыңгырап турат.

Т $\frac{70403-188}{М\ 451(17)-82}$ 185—82.4702280200 С (Кирг)2
ББК 84Ки7

РЕЦЕНЗЕНТ Ж. МАМЫТОВ

© «Кыргызстан» басмасы, 1982-ж.

# ЫРЛАР



## ИШЕМБИЛИК

Бүгүнкү ой-сезимди,
бүткүл рухту
Лениндик аруу сезим
биилеп алган.
Заводдо,
фабрикада,
шахталарда,
токойдо, адыр-түздө,
бардык жайда
күжүлдөп,
күүгө келип,
кайраттанган
акпейил,
адил эмгек
оту жанган.
Утурлап жаздын күнүн,
жашартып,
жасалгалап
Мекен жүзүн
бүткүл эл жарык маанай
черин жазат
жан сүйгөн эмгегинен
ырахат таап,
жашарып өзү кошо
жагалданат.
Бактарда бүчүр жайган
түздөрдө көк кылайган
апрелдин бул күнү
жаз жыттанган —
бүт элдик эмгек майрам —
да бир кадам
коммунизм сересине ташталган.

Мекендин бүт аймагын
карайм мына:
Батышын, Чыгышын да
көрөм даана —
жабылып жапатырмак
ыкласы ак,
жабыкта жумуш калбай
бүтпөй чала,
тракторчон,
машиначан
бүткүл талаа,
күрөкчөн,
шыпыргычан
бүткүл калаа —
кубантат коммунисттик ыйманына!

Ушул күн —
кымбат бизге ар убакта,
алабыз кубаттанып биз кыйлага,
алабыз агарып да,
көгөрүп да,
алабыз тазарып да.
Калтырган бул өрнөктү
замандарга
Ленииндик аруу сезим
дайым жаша!

## ЖЕР ТУРМУШУ

Укканда ушул сөздү
дух күңгүрөйт,
укканда ушул сөздү
муун дирилдейт,
укканда ушул сөздү
көз алдымда
кыйырсыз, учсуз, түпсүз

жер дүңгүрөйт.
Укканда ушул сөздү
кыж-куж түшкөн
түбөлүк тынбас күчтөр
кай жерде экендиги
бир билинбейт.
Жер турмушу —
укканда ушул сөздү
дүйнө чаңдайт,
укканда ушул сөздү
өмүр кайнайт,
укканда ушул сөздү
көз алдымда
санатсыз миң-сан албан
дүйнө жайнайт.

Жер турмушу —
укканда ушул сөздү
түгөнбөстөй,
шуудурап шарпа салып
күндөр чубайт.

Кайдадыр ракеттер
тумшук созот,
кайдадыр зып-зып этип
мезгил зуулайт...

## ЖАШ ЛЕРМА*

(Геленжик шаарындагы М. Ю. Лермонтовдун эстелигине)

Толкун окшоп жээкти жууган
Жакындап да, ырактап,

---

Лерма — М. Ю. Лермонтовдун өз замандаштарына кеңири белгилүү аты

Жанып өтүп жака-белин
Жарк-журк этип кылактап.

Ойнойт мезгил тийип-качып,
Кундузданып, кулпуруп
Батаар күндөй кайып кетип,
Кайра жарк деп бир туруп.

Жапжаш духтун маанайына
От жагалбай баарысы,
Аласалат деңиз түндө
Күр-шар чыгып дабышы.

Бийик жээкте турат акын
Ээн калган, эл кетип,
Коргошундай уюп бекем,
Коргошун ой терметип

Жаалы кайнайт деңиз карап:
Неге ал тыптынч үргүлөп,
Күрөш күүсүн чалбайт неге
Толкундарын түргүлөп?

Кабагында кар боройлоп,
Мурутуна муз тоңуп,
Эрите албай жай аптабы
Турат ага күч болуп.

Бир замандын каарын бүтүн
Алган өңдүү өзүнө
Күрөш духу көкүрөктө
Учкун жанат көзүндө.

Заманынын бүт ордугу
Баскан ылдай ийинден

Ал мерес күн өз турпатын
Көрөт акын жүзүнөн.

Көз карашы алыс кеткеп.
Мезгилдердей көп өткөн
Жердик турмуш запкыларын
Сыздап ырдап өзөктөн

Кабагына кайгы үйүлүп
Түндөй болуп түнөрүп.
Теше тиктеп, бу тирликтин
Түбүнө ой жиберип.

Жетпей калып бир мараага
Келдим, кеттим арада,
Издегендей аны алиге
Бир дүпөйүл санаада.

Бийик жарда, пьедесталда
Турат мына жаш Лерма,
Өз доорунун уулу болуп.
Мүдөө берип жаш жанга.

Алда кайда кайып барат
Айдын, Күндүн жарышы
Кошо барат акын духу
Калыбында дал ушу.

Турпатынан мезгил деми
Учкунданып бөлүнөт,
Акын өзү бүтпөс турмуш
Өзөгүндөй көрүнөт.

## ЖАШ АКЫН

Басса-турса кысынган
Уялыңкы жаш акын,
ыбырсыган ойлорду
ыр кылууга маш акын.

Элдир-селдир ыр жазып,
Жылдар өтөт, күн өтөт,
кары өсөт, жаш өсөт —
сени окуп ким өсөт?

Жаштык барда каныңда,
жалын барда жүрөктө,
кайнап турсаң канетет
тилек кошуп тилекке.

Адабият азгырса
ээрчип албай жөн эле,
жаңы жигер, үн кошуп
аны алга жетеле.

Кур дарбыбай, жандай чык
талант деген жабагы,
талбай таптап жетилтип,
чоң сапарга сал аны.

Жакын мараа көздөбөй,
алыс жолду карагын,
туягынан от жанган
тулпар чыксын жабагың.

Бийик мүдөө, асыл ой
толкуп-ташсын жүрөктө,
мезгил демин камчылан,
заман жолуп иликте.

## АПА

Тирүүлүктүн кыйын жол, өрлөрүндө.
Токоюнда, куураган чөлдөрүндө
Өтүп кетти өмүрүң азап менен
Адам кылуу биздерди көйгөйүндө

Аз жашадың, аз күлүп бул өмүрдө
Азга бастың түрмуштун шиберинде.
Кайда азыр жүрбөйүн, кандай күндө
Апа деген атыңды күндөй ысык
Ыйык сактап келемин жүрөгүмдө.

Шамалында зуулаган өмүр күндүн
Сабагыңдан эртелеп сен үзүлдүң.
Бизди эртеңге жетелеп келе жатып,
Тайгак кечүү, тар жолдо мүдүрүлдүң.

Мезгил тынбай кайдадыр канат кагат,
Миң жашарып, миң карып камчыланат.
Алыс калган жылдардын арасынан
Жылуу мээрим элесиң көздө жанат.

Келем жашап жер, асман арасында,
Миң өзгөрүп мезгилдин парасында.
Бизди мында жаратып коюп өзүң.
Калдың жексур ажалдын салаасында.

Көп кагылып турмуштун кайнамында,
Көп чайкалып мезгилдин чайкамында
Жетим калган чиедей чүрпөлөрүң
Кырчын талдай бүр ачты жазгы баарда.

Жаздар келет жадырап, күздөр келет.
Мезгил турмуш учугун улай берет.

Сенин жаздай мээримиң медер тутуп,
Өзүң берген өмүрдү өтөөм керек.

## БАЗАР ПОРТРЕТИ

### I

Көтөрүп бар жемишин урматтуу Жер,
төккөндөй бүгүн мында дүр жайнатып
жаркырайт аянтта зор тирүү сүрөт —
базардын панорама-портрети.
Базардын акча духу кайнап-кызып,
(колдор бат-бат сунулуп чөнтөктөргө)
күжүлдөп, кым-куут түшүп, бир ажайып.

### II

Дүйнөлөр жайнап турат кызыл-тазыл
күнгө ойноп нюанстары
чакырышат азгырып...
Ыйбаа карап күйөөсүнө жаш келин
витринаны жал-жал тиктеп,
көйнөктөрдөн көзү өтөт.

Шамал жүрөт базардын койнун желдеп,
соодагердин көзүнө кыпын үйлөп.
«Тыйын бер» деп
ээрчий басып досуңдай
цыганкалар жалбарат
«тагдырыңды айтам» деп.
Кысталышта чаң учкан
жолго туруп майпар кыздар
самса чайнайт балчылдап,
балмуздакты шимишет.

III

Тердейт семиз сатуучу...

IV

Дээри жаман сары аял
Долуланып күшүлдөп,
оокат алат мешоктоп
кезек бербей башкага,
ач көздөнүп жулунуп,
пейлин бузуп,
эртең дүйнө түгөнүп
ачкачылык болчудай.

V

...Тыйын мыкчып тырышкан битир колдон
дарбыз качат зымырап.
автобусту торой чуркайт,
дөңгөлөктүн алдына жата калат
былчыранып,
Кып-кызыл каны агып,
чачырап карагаттай уруктары...

VI

Кыздар күлөт помидордой тоголок,
помидорлор тоголонот асфальтта...

## ШААРДАГЫ БОРООН

Көк теңири каарданып,
Катуу буйрук кылдыбы,
эмне болду?
Шаар ичи сапырылып

заматта
алай-дүлөй түн түшүп,
боз чаң учуп куюндап,
не кылаарын билалбастан
адамдар
калдасташып туш келди
каршы-терши жүгүрүшүп,
далдаа издеп чуулдап,
сезишкендей
бир балакет кырсыкты,
бир чоң бүлгүн
каптап келе жаткандай,
өз бойлорун жашырууга шашышты.

учту жоолук, шляпалар баштардан,
дубалдардан
афишалар, реклама-сүрөттөр,
дарактардан
жалбырактар, бутактар,
саябандар
кафелерден делбиреп.

Түшүнө албай
бороондун бул оюнун
турду акын селдейип,
таң калгансып,
табышмактуу маанайда
алда неден санааркап,
бир кубарып
бирде өзүнчө жылмайып,
карап кызык сценаны
театрда эпсиз чоң
отургандай өзүн бүтүн
окуяга алдырып...

... Шул күнү, ушул шаардан
бир бороон өттү дуулап.
Жол таппай ызаланган
бир бороон кыйналды абдан.

## ЖАН

Сезиминде жаш өрүкзар
бариктери дирилдеп,
миң-миң түрдө,
миң үндө,
санааларды терецинде
чөгүп жаткан тымызын
сууларга айтып
шыбыр кылып,
тоолорго айтып
ыр кылып,
чөптөргө айтып
ай талаада
ыргалышкан кулпуруп,
Мезгил жууган куу дөбөдө
Жанайылдай жап-жалгыз
отурат ал зуңкуюп.

## ЖООП

—Момунда бир караан турат каркайып
бу турмушка жарашпай,
каруу керип кыймылдабай
же чуркабай,
же баспай,
тарууга сайып койгон каракчыдай,
эч кимден жол талашпай.

Кыжырыңды келтирип
көзгө конгон коночодой,
бар болбой же жок болбой,
дулдуюп, үн чыгарбай,
босогого туруп калган —
үйгө даап кире албай,
беймаал келген меймандай.
Азыр эле шарт бурулуп
безип кетчү төө куштай,
кереги не көлөкөнүн ушундай —
чоң базарга далы тоскон,
жоюп таштоо керек муну горизонттон!

— Жок тууган,
анте албаймын,
мен үчүн кымбат ал жан
мен аны кыя албаймын,
анткени ал — менин жаным,
турмушта өөнсүп турган,
конжойгон ушул караан —
өз турпатым.

— Ушу сенин жылдызыңды учуруп,
кендириң кесип кынжыйтып,
так жаныңда бирөө турат далдайып
багың байлап,
чаркың кысып,
тагдырыңа көлөкөсүн түшүрүп.

Дардаландап ой-санаасыз жашайт ал,
пайдасы жок бу турмушка бир пул да,
бул жанды сен жоюп ташта,
андан дүйнө жардыланып калса да,
өз жолуңдан тазала,
ыргытып ий кайра чыккыс чуңкурга!

— Жок тууган,
мени антип азгырба,
жөн жерден жан жаралбайт бу жарыкка
кыя албаймын мен аны,
анткени ал — бирөөнүн жаны,
ыйык ал өз жанымдан алда канча.

## ЖЫПАР

«Жыпаргүл»—деп сен алгач таанышканда
Мага гана чаччудай жыпарыңы
Жылуу сезим көөдөндө «зырп» деп жанган
Таптым го деп турмуштан Жыпарымы.

Ошол күндөн жүрөккө каниет бүтүп,
Тагдырымдан ыңгайлуу саатты күтүп,
Алаксытпай турайын деп ойлодум
Жыпаргүлүм алсын деп окуун бүтүп.

Бүткөндөн соң жолуксам: сен жымыңдап,
«Жолдошум бар, агай,»—деп турдуң карап.
Кагын жүрдү көөдөндө ошол замат,
Бүт тулкумду бир бороон өттү каптап.

Ток ургандай «дирт» этип, басып демим
Дымый түштүм мелтиреп сен билбедиң
Кирди-чыкты сөздөрдү сүйлөдүм да,
Шашкан болуп «кош» айтып басып кеттим.

Өз ызама уулантып өз жанымы
Карагым да келбестен эми айлыңы.
Алдыргандай мойнумдан тумарымы
Өзүм каргап келатам өз айбымы.
...Далай күндөр өтсө да андан бери
Таппай жүрөм алиге өз дайнымы.

## КУТКАТАЙ — КУЛПУНАЙГА

Миң-миңдеп, миллиондоп
эл жашайт ал калаада
урунбай суук көзгө,
кабылбай эч балаага,
эсен-соо жүрдүң бекен
эркем сен шол калаада.

Сени ойлоп мен быякта
жапжалгыз Жанайылдай
отуруп ээн талаада
баттым көп сарсанаага.

Быкпырдай эл кайнаган
калдайган зор калаада
кабатыр болом тынбай
калды деп кай абалда.

Үлбүрөп назик эле
чырактын билигиндей,
үлп этип жел үйлөсө
өчтүбү же билинбей,
деп улам ойго батам
бир мындай, бир тигиндей.

Табигат насли менен
бу күнгө кокус келген,
жылдызың периштедей
керемет бир жан элең.

Кубантып көргөн көздү
Белесте бир тал гүлдөй
сен турсаң маңдайымда
бүт дүйнөм кеңелгендей,

бактылуу болор элем
теңирге теңелгендей.

Салкында эрте таңкы
чыйрыккан күзгү гүлдөй,
чырымтал шүүдүрүмдүү
чырпыктын бүртүгүндөй.

Айрылган ажарынан
Жылаңач күзгү бакта,
акыркы жалбырактай
дирилдеп турган шакта,
үзүлүп же үзүлбөй.

Абалың аянычтуу
тартылып келет көзгө.
Жүз жолу жүз бир башка,
Миң жолу миң тариздс.

Көрүнбөй акак мончок
чөккөндөй көк иримге,
кайнаган зор калаанын
термелип тездигине.

Көгөргөн эркин төрдүн
көк канат көпөлөгү
канетип жүрдү экен деп
көңүл саа жетеленди.

Мүмкүн сен ушу кезде
көп кабат бийик үйдө,
жапжалгыз бир бөлмөдө
мемиреп таттуу уйкуда
жатасың көшүп мүлдө.

Же шашып келатасың
кайсы бир бөтөн жолдо,
белгисиз бир көчөдө,
белгисиз башка ойдо.

Отурдуң автобуска,
же түштүң метрого,
топурап көп эл менен
бурулуп оңго, солго.

Зыпылдап, чарк айланган
шаардагы заң-законго
көнүгүп, бышык болуп,
кол баштык алып колго,

тыпылдап тыкан басып
келесиң кым-куут жолдо.

Же үйгө кайтмак болуп,
келип түз аэропортко
отуруп калдың бекен
ак канат самолетко...

Нетсең да ушу кезде
дүйнөнүн эң бир эркин,
эң таза ээн жеринде
жапжашыл жай күнүнүн
жагымдуу бир кечинде
отуруп, эң көп ойлор
ойлодум сен жөнүндө.

## ҚУЛПУНАЙ — ҚУТҚАТАЙГА

Қылт этип эске түшсөң
көңүлдө шам жангандай

Жарк этип жанат оттор,
тартылып келет көзгө
көгөргөн горизонттор,
горизонт пардасынан
мелмилдейт бийик тоолор.

Ал тоолор этегинде
көйкөлөт жашыл төрлөр,
төрлөрдүн тереңинде
Ай көлдөр, Ыраң көлдөр.

Көлдөрдүн кылаасында
ойнотуп боз күлүгүң,
дүрбөтүп үйүр айдап,
бозоюм сен жүрөсүң.

Биз баскан кыя жолдор
элестейт бир керемет,
ойлорду ой жетелеп
жүрөктө күү термелет.

Ал күүнүн күч, деминен
токтобой, мен бу жерден
бат эле кетким келет,
жаныңа жетким келет.

Бирок бар менде милдет
бийлейт ал күндөп-түндөп,
санаамды санга бөлүп,
оюмду миң түркүмдөп,

Эртеңге канат берген
зор максат — окуу деген,
айырып мени өзүңдөн
чоң шаарга алып келген.

Аскадай бийик үйлөр
шыкалган зор калаада
кеч жатып кагаз тиктеп
турамын эрте таңда.

Түшөмүн метрого:
отурам автобуска,
институт, жатакана
шашамын ортосунда.

Кысылган бүжүр тирлик...
жок, жок, жок! Өжөр тирлик!
жайчылык болбойт мында,
басууга болбойт илкип.

Айылды эстегенде
жуткандай тоо желинен
сергилең тартамын мен:
«Бар бол дейм, — ыйык кутум,
бар бол—дейм,—аруу дүйнөм».

Боюнда кеч болжошуп,
экөөбүз жолугушчу
таткандай боло түшөм
булактан бир кочуш суу.

Өзүңдү эстегенде
зыр-этип жүрөк кургур,
чымырап бүткөн бой бир
бир кызык боло түшөм
бетиме чачырап нур.

Биздерди бириктирер
алдыда бардыр күндөр,
«Бар бол,—дейм, махабатым,
жаша, — дейм, — үзбөй күдөр!»

## АЯЛ

Чыныгы март адамдар —
кыз өстүргөн ата-энелер,
Түйшүк тартып тим болушат
кургурлар,
кыз ыраатын
көрөт башка адамдар.

Автор.

Бирөөнүн жалгыз кызы —
кезинде ата-эненин
аздектеген ай, чолпону
шамчырагы бир үйдүн
жатат мына коюнумда
башын катып колтугума
наристедей татуу уйкуда,
бүт дилин,
бар дүйнөсүн ыйгарып маа,
айланып,
эң бир жакын адамыма.

Урматтайм аны мен да
актыгы үчүн махабатка,
турмушка,
тагдырга да адилдигин —
дебестен каш-кирпигим
жүргөнү үчүн мени менен
бөлүшүп турмуш жүгүн,—
мына ушул —
уктап жаткан
эң назик, эң мээримдүү
үйдөгү «начальнигим».

## ЖОГОЛГОН БЛОКНОТ

Кайдасың жан тумарым — блокнотум,
Кай жерде сен чөнтөктөн түшүп калдың?

Алтынга алмаштыргыс ойлор каткан
элестеп көздө турат барактарың.

Ачкычын жоготкондой зор казнанын,
темселеп өйдө бардым, ылдый бардым,
шектенип бирге жүргөн адамдардан:
— Алдыңбы?
— Алсаң бер — деп миң жалбардым.

Кыпкызыл блокнотум — жан тумарым,
сенде болчу ай, жылдап жыйгандарым,
бал топтогон аарыдай ойлор топтоп,
каткан элем учугун казалдардын.

Сенде жыты бар эле Балтиканын,
Кара дениз толкуну жанга жагым,
барактарың ачканда жанды ысытып.
аптабы уруп турчу эле Азиянын

Батыш, Чыгыш шабыртын, дем-дымагын
айтып турчу адамга ар барагың.
Көрк келбети бар эле биздин күндүн,
тең жарымы бар эле бул ааламдын.

Таптап канча калаанын көчөлөрүн
баскан, турган жерлерге үңүлөмүн,
сенин баркың менчелик билбейт эч ким,
кантип гана өзүңдөн түңүлөмүн.

Тапкан жан барактарың арасынан
ким билет ой издебей, пул издээрин.
чыдабай ичим күйөт ойлой берип,—
ыргытып ийди мүмкүн, айрым тениң.

Сен кандай колго тийдиң, блокнотум?
Не күнгө, не тагдырга дуушар болдуң?

## ДҮЙНӨ-КҮН

күдүр-будур жолдор басып,
замандар түпкүрүнө чөгүп кетип,
өткөндүн өзөктөгү күпүрүн айтып.
Кажынып
кара адырмак тоолор ашып,
каарынан
каршы келген жоолор качып,
бир туруп
жомок кылат жан жазмышын
каңгыган
куу заманда өңдөн азып,

Бир туруп
көз алдыда зор салтанат —
суктанып
тургуң келет кечке карап:
дүйнө-күн
Бүбүсара бийин бийлеп,
жарк этип
жаз ыргагын шоодур кагат,
көкөлөйт,
зымырылат, чимирилет
кайдадыр
алыс кетет куюн айдап,
желбиреп,
желек болуп дир-дир этет,
түйүлүп
торгой болуп кагып канат,

Мезгилдин шамалдары кайда агат?
Ал шамал катмарлары канча кабат?
...Табылып калабы деп, баскан сайын
үмүттүү карайм деле жолдун боюн.

Бир кезде
узак иштен башым чарчап
айнекти ача салсам:
дүйнө чаңдап,
шуулдап өндүрлөрү, белестери
жатыптыр
бирдин изин миңге улап...

Дүйнө-күн
Алыкулдун ырын ырдап —
албан ой,
албан добуш, албан ыргак,
удургуп,
учсуз дүйнө кыйрын кайрып,
бир келип,
бирде кетип, жапа тырмак.
демитип,
Ысык-Көлдөй толкун айдап,
карч уруп кара жанын
жээкти жалмап,
жатыптыр буусу чыгып,
чуусу чыгып,
шакардай өзү менен өзү кайнап...

Дүйнө-күн
Кара Молдо күүсүн чертип,
каркайган
кара тоодон кайып өтүп,
каптаган
миң-сан колдун сүрүн кийип,
келаткан
жөө тумандай жерди чийип...

Бир туруп
күңгүрөнгөн ойго батып,
күжүлдөп

Өмүрдү чиркештирип, закымданып, жыгытып,
бир тургузуп, арбайт, алдайт.
Дүйнөнүн ушул бүтпөс агымында данакер
бир жалгыз күч такыр талбайт —
аргындап агын көккө, көгүн акка улуу дух —
тирлик духу далбасалайт.

Ызгыган
бирде күчөп, бирде дымып,
Кым-куутун
бу болмуштун карап туруп
зуу коюп
жапан куштай сызгың келет,
көөдөнгө
бир зор күчтүн илеби уруп.
Комузда
чебер колду күтүп турган
өзүмдү
миң толгоолуу күүдөй сезип,
сыбызгып,
безеленип, дилгир болуп,
кетсем дейм
бу жарыктын кыйрып кезип...

## БАРИКТЕР КҮЙҮП ЖАТАТ ЖОЛ БОЮНДА

Жалбырак — жашыл дүйнө,
сен жарыкка
кечөө эле келдиң эле...
Ачылган жаңы гана
дирилдеп жазгы желге
бүчүр элең апрелде,

бүт турпатың жашыл эле,
жана да сени менен
жашыл эле бүткүл дүйнө.

Эми минтип,
саргайып сары күздө.
күбүлүп сабагынан
чогулуп бир үймөккө,
айланып көк түтүнгө
барасың күйүп мүлдө —
болмуштун бул тартибин
айтып да кереги не.

Түтөгөн бариктердин так жанында,
кечки иңирде,
безенип чырк-чырк эте,
көкөлөп көккө жете,
ылдыйлап жерге жете,
жыланач бак башында
бутактан бутактарга
секирип өзүнчө эле
күйгүлтүк тартып жатат
бечара бир периде.

## БЮРОКРАТ ЖАНА ЧЫНЧЫЛ

Ч ы н ч ы л:

— Эгер сен адамдарды түшүнбөсөң
неге отурдуң чойкоюп чоң столго?
Макоодой көз карашың,
дээриңдин көңдөйлүгү
жаңга батты —
ажат ачат деп келген
канча адам

алдыңдан муздап кайтты.
Эгер мен жылаан болсом
ышкырып заарым чачып,
арбашмакмын
көзүңө көзүм кадап.
Гранат болсом —
тарс этип жарылмакмын
так алдыңда,
чиренгең мансабыңды күм-жам кылып.
эчак кетмекмин чыгып огумдан,
көтөрүп жүрбөй сендейди.
Куш болсом —
учмакмын алыс көкөлөп,
көрбөс үчүн
көңдөй баш сендей пендени!

Бюрократ:
— Сага окшоп кыйынсынган,
Айдан, Күндөн түшкөнсүгөн,
суурулуп жер-жеберден
азыр чыга калгансыган,
эбиреп,
бышыксынып чекчеңдеген
сендейлер бул дүйнөдөн далай өткөн
тык-тык шилтеп кадамын,
ушул жерден,
так мына шул бөлмөдөн—
асманды мага таштап ийчү сымал
чамынып,
чакчарылып чыгып кеткен.
Мына азыр
ошолордун бирисиң сен,
бара бер
машайыгың болсо эгер,
мени чын
жылдыра алсаң ушул жерден!

* * *

Шамал дос,
кел экөөлөп
бу күндөрдүн кол салып
мазмунуна,
уюган чаңын кагып
бапыратып,
бардык дымак, мансабын
сестендирип,
чилде болуп чыкыроон
муунун кууруп,
сергители үшүтүп,
зиркилдетип.

Шамал дос,
кел экөөлөп
чүмбөттөрүн мына бу эски үйдүн
учуралы будалап,
көшөгө чатырларын
сыйрып таштап,
кайрадан жаңырталы жылаңачтап.

Шамал дос,
сен тегиңен
тентек элең тим жүрбөс,
кайдасың азыр?
кай жерде жүрөсүң ойноп?
Жер түгүн дирилдетип,
аралап, жойлоп
келсеңчи бир бу жакка
кең дүйнө кыйрын бойлоп.
Дем кысылып,
бук болуп үп күндөрдө,

тумчугуп бүтпөй болду
жан бу жерде,
сенин шарпаң жакшы эле
шуу-шуу этип,
дене-бойду сергитип,
этек жеңин делбектетип,
канаттарың каккылап
келип кетчи бир дуулап.
Бийлетип алсыраткан алсыздыкка,
бир кылымдык түшкө батып.
неге көшүйт мобу бакча?
Тереңине чөккөндөй кара коонун,
этегинде Ала-Тоонун,
ыксырайт не мобу айыл?
Сен кабарың салып өтчү,
бариктерди учуруп,
ойгонбосо чаң ызгытып
алай-дүлөй түшүрүп,
чатырларды калдактатып,
добулбасың каккылап
шойкон кылып,
жүрөктөрүн үшүтүп.

## АЛЫШ БОЮНДАГЫ СӨЗ

Бараткан алыш бойлоп бир жолоочу
Сөз айтат сугатчыга өзүнчө эле:
— Суу менен алышасың таңдан кечке,
Суу менен келатасың жанды демеп,
чапкылап өйдө-ылдый,
кара жерди суу менен тойгузам деп,
бир жаның кайда жетет?
Баарыга топук керек,
баарыга ченем керек.
Бул өмүр суудай өзү —

тартылат,
кур-шар этет,
билинбей мына ошентип
кайтпаска агат, кетет —
зымырык болуп сызып,
артынан эч ким жетпейт.
Ушуга каниет кыл,
дүйнө — суу
агат, кетет.

Тынымсыз шылдыраган
жөн эле суу эмес бул,
бул — турмуш
зор улукман табияттан
тарам-тарам тарамдалган,
демек бул —
миллион дем,
демек бул —
миллион жан
жер үстүндө
өйдө-ылдый кыймыл алган,
миллион көз жоодураган,
ааламды абаздантып шарпа салган
миллион ыр мукамданган...
ушул суу — суу эмес бул —
бүтпөс дүйнө агып жаткан.

Ой бакпай,
сууну баккан
жан окшоп алабарман
кыймылдап калдаң-кулдаң
чым менен алыш бууган
түрүндө сугатчы да
маани айтат талаалаган:

— Жок, жок, жок,
антпе тууган,

дүйнө бул суудай эмес,
дүйнө — бул туташ туман.

Суу мына агып жатат,
кааласам кайсы жакка
мен муну буруп алам
Жок, жок, жюк,
дүйнө — бул суудай эмес.

Дүйнө ушул суудай болсо
дүйнө ушул жайыктай болсо
жайкалып эгин бышкан —
мен анда жыргабайт белем,
мен улукман болбойт белем баарыңан.

Жок, жок, жок,
дүйнө — бул суудай эмес,
бул сөзүң башкага айт,
жолуңдан калба тууган.

* * *

Бул жашоо бир болгон бүтүмдөй,
Төп келип бүт бардык тарабы.
Бир туруп терең коо арасы

көз болуп жалжылдап карашы
Кыйырсыз,
Үн жеткис житимдей .
Тыңшайм мен өмүрдүн агымын;
Дабыштар, боёктор, күн көчтөр,
Уюлгуп бир көргөн түшүмдөй...
...Далдайып жылдыздуу көктү окуйм,
Жөн өтүп кетемби деп чочуйм.
Шуя жарык болмушту түшүнбөй.

* * *

Бу тириликтин теңсиз жагы көп экен
Аны тең деп айткан бекер кеп экен.
Жан ачыткан теңсиздиктин бири ушул —
Бир эссизге бир эстүү жан кор экен.

Бу тирликтин алалыгы бар экен,
Бирде айкөл, бирде чексиз тар экен.
Ошол сансыз алалыктын бири ушул —
Бир жакшыга бир жакшы жан зар экен.

Бул өмүрдүн жыргал сааты мол экен.
Билген жанга анын баркы зор экен.
Бардык, бардык жыргалынын ичинен
Эң кымбаты — жаштык деген доор экен.

Жаз гүлүндөй көңүлүңдү гүлдөткөн,
Кызыктардан кызыктары көп экен.
Ошол бардык кызыгынын ичинен
Эң ысыгы — сүйүү деген чок экен.

«Шум жалгандын» шумдуктары көп экен—
Кокус жерден бүт дүйнөңдү өрттөгөн.
Ошол апаат шумдугунун ичинен
Эң жексуру — өлүм деген зор экен.

## АДАМ

Бир карасаң — эң таза,
Бир карасаң — эң ыплас.
Акылдуу да,
Акмак да,
Кудай дагы,
Кул дагы,

Алдуу дагы
Алсыз да.
Жарык күндүн алдында
Адам бардык заманда
Өтөт ушул абалда.

## НАЙМАНБАЙ

Олчойгон олбур адам —
бир болуп көчө менен
көтөргөнү он ише айран,
булчуңдап бөлкө чайнап
келатат тайраң-тайраң.

Тирликтин алиппесин билип алган,
башкасын уруп койбойт кайран адам:
жер казат,
тамак ичет,
уктайт анан, —
турмушка өйдө-төмөн ой бакпаган,
макулук окшоп кетет бир карасаң.

Кээ күнү кызып алып,
мас буурадай
чаңдатып,
бир короонун үшүн алган—
жеңилбес,
өзүнчө эле чоюн балбан.
Жоругун терип айтып,
эмне кылам,
чынында бу Наймакең мен тааныган
дүйнөнүн
кычыгында калчу бир жан.

## ДӨҢГӨЛӨКТӨР

Сен дөңгөлөк,
Мен дөңгөлөк,
Жер дөңгөлөк,
Күн дөңгөлөк
Турмуш-дагы дөңгөлөк.

I

Кеттик анда,
Чоң сахнага ,
Жанды жаньп,
Кым-куут салып,
Жүрө бермей
Өтө бермей дөңгөлөп.

I I

Жаз дөңгөлөк,
Күз дөңгөлөк,
Ай дөңгөлөк,
Кыз дөңгөлөк,
Карай калсаң көз алдыда,
Бардык дүйнө көч-көч болуп,
Бир дегенче миң дөңгөлөп,
Кайдадыр бир зып-зып этип,
Кайып барат өңдөнөт.

III

Дөңгөлөктөр дүйнөсүндө
«Өлбө жаным, өлбөлөп»
Дөңгөлөктөр дүйнөсү
Тыным албай дөңгөлөп,
Турмуш күтөт өңдөнөт.

## IV

Сен дөңгөлөк,
Мен дөңгөлөк,
Максаттар да дөңгөлөк.
Бу жарыкта бардык затың,
Дөңгөлөк дух өңдөнөт.

## УЧУРАШУУ ЖАНА КОШТОШУУ

— Салам сага, дөңгөлөк,
Жүрөсүңбү дөңгөлөп?
Дөңгөлөктөр дүйнөсүндө
Жүрөм мен да дөңгөлөп.
— Кеттиңби сен дөңгөлөп?
Кеттим мен да дөңгөлөп.

* * *

Кыз — дөңгөлөк,
тезирээк дөңгөлөнүш үчүн
турат көчөдө,
күтүп төрт дөңгөлөктү.

* * *

Кызыл алма — дөңгөлөк,
кызга барды дөңгөлөп
(ал экөө бир өңдөнөт).
Жайык жаткан ай талаага —
чимирилген горизонтко,
чуу коюшуп заматта
жок болушту дөңгөлөп.

* * *

Дөңгөлөктөр,
силер ээлеп алдыңар го дүйнөнү.
Бардык жерде дөңгөлөп.
чаң ызгытып,
таштарды да жешилтип,
жердин боорун тындырбай
кым-куут түшүп,
бүт ааламдын
жолдорунун жанын жеп,
жүрөсүңөр бу күндө —
адамдарга
тездик деген жыргалдын
улуу аваз ырахатын таттырып,
мемиретип,
үстүңөрдө терметип,
кээде кокус
астыңарда калтырып.

Базарга деп адамды алып баратып
анан кайра мазарга кийрип адашып,
дөңгөлөктөр — көзөлдөр
кээде ушинтип дөдөйлөрчө
кетесиңер дөңгөлөп.

## ТҮШҮМДӨ КӨРГӨН ШААР

Аюу ата олбурлуу
басып келип
 далдайып,
ачып кенен терезени
(мүчөсүндөй эң жогорку чөйрөнүн)
эң жогорку кабаттан
карайт сырткы дүйнөнү, —

жайкы таңда сергилденген
жаркыган тынч калааны.

Мамалактар балкондордо
ойноп жатат алпурушуп,
бирин бири жыга албай
эч нерседен капарсыз,
өздөрүнчө
ит жыгылыш болушуп,
томполоңдоп жыргалдуу.

Бакчаларда
бейиш түрдүү
жапан куштар чурулдайт.
Кым-куут түшүп түркүн жандар
жүрөт сойлоп ташбакалар,
кескелдирик, жыландар.

Коёнектер,
ойноок кыздай
алаң-булаң каратып,
буйт беришет андан-мындан
жүгүрүшүп элеңдеп,
кулактары сереңдеп —
бантик таккан кыздардай.

Сулуу түлкү кылтылдап
басып келип суйсалып,
колонкадан суу алат
куйрук жүнү жылтылдап.

Каналдарда мелмилдеген көгүлтүр
эркин сүзүп, ыргыштап
жүрөт түркүн балыктар...

Көпүрөлөргө асылышып,
бутактарга жармашып
дарчылардай
каршы-терши жүрүшүп,
тамашөкөй маймылдар
мыймыңдашып өздөрүнчө
бейпил турмуш башташкан.

А мышыктар чилистендей
чыгып алып бийикке
таң нуруна жуунушуп,
чатырлардан үн салышат «мыёлоп».

Күрүлдөшүп жолборсчолор
түнкү чуулу парктарда
түлкүчөлөр кыңшылап,
жылт беришип куушуп,
жалжылдатып көздөрүн
сүйүү ойнун ойношот...

(Кечиргиле,
так ушундай шаар көрдүм түшүмдө,
ажайып шаар;
бейкуттукта мемиреген,
көйкөлгөн,
көтөрүлгөн каяккадыр бийикке).

## МААНАЙ

Жолоочу жолдо турба,
жолоочу жомокко кир.
Ч. Балтаг.

Үлбүлдөп,
жылт-жулт этип,
болуп кайым

кыймылдар айланада кур элестей:
түшүмдө жашагансып жүрөм дайым
бардыгы
бар нерсенин чын эместей,
маанисиз,
убактылуу ызы-чуудай,
жөн эле
эртең өтчү нерселердей,
мүнөткө
эрмек үчүн жанды алдаган.
... Өзүмдүн чындыгыма ишене албай,
өзүмдү өзүм шектүү карагылайм.

Тизмектелип
кайдандыр күндөр келет,
айлар агат...
чын куран, жалган куран —
булуттай төбөдөгү самсаалаган
бир күйүт
ээрчип алып арылбаган.

Жүрөктөр түшүнбөсө бирин бири,
бар туруп
нур чачпаса Айы, Күнү
жарыктын кандай анда касиети?
Ал турмуш —
эмне деген турмуш өзү?

Жок мунуң —
балбал жаңган жылан көзү,
тирмейип так алдыңда арбап турган.
Болбосо ал эмне?
Айт, даанышман!
Мен азыр
токсон тогуз муунакталып,
чыңалып,

жарылчудай бүт клеткам
кай жакка
бет бурарды билбей турам.

## «БААТЫР» АТТУУ ҚОНГУРОО СААТ ЖАНЫНДА

Тыңшасам убакыттын каккан доошу
буйдалбай эчтемеге зып-зып этип,
күүлөнүп,
алда кайда күкүктөнүп,
күүсүнөн
тирүү жандын эби кетип,
капталды капталдай чаап
кара шердей
жарыкка жалгыз өзү
бийлик этип...

Бир туруп,
кылыч болуп лаандай курч
жаркылдап,
жан алгычтын колунда ойноп,
мизине урунгандын баарын мойноп,
бараткан оңду-солду шилтенилип,
карабай
кары, жашка пурсат кылып
катарда адеми кыз, сырттан жигит
канча өмүр бир ченемге түйдөктөлүп...

Қанча доор
закымында тебеленип,
кыпындай эпкининен үбөлөнүп,
карасаң бул көзү жок —
бир кызыл чок,
бараткан жандын баарын
айдап, сүрүп

кырына түпсүз жардын
демиктирип...

## КҮРӨШТҮН ЖООБУ

Акыл айттың:
— Көп ойлонгон жаман, — деп,
А көрөкчө
Сезим бийлеп, күрпүлдөп,
Ойсуз эле
Ойноп-күлүп жүргүн деп.

Ырас,
антип жашаган оң жарыкта.
Бул сөз сенин
Көңүлүңдөгү чының го.
Бирок ойсуз,
Кантип жашайм тирүүмдө?
Тамекини таштагандай,
Ойлонгонду таштап коюу
Кыйын го?

## ШААРДЫК

Мен денемди күндө козгоп
алып чыгам көчөгө,
күнгө тосом,
анан келип автобуска —
кысылышкан денелердин ичине
күчтөп жатып сыйдырам.
Шунтип аны ишке алып барам,
ары айдайм, бери айдайм,
жай бастырам, чуркатам,
отургузам, тургузам,
жыйналышка катыштырам,

кубантам да, кайгыртам
көрсөтөмүн ар кимдерге,
көчөлөрдө каңгытам.

Анан кечте, чаалыкканда
Кайра үйгө алып келем,
жуурканга ороп жаткырам...
шунтип да бир
күндү узатам.

Ай барагын барактап
айдан өтөм,
жыл барагын барактап
жылга жетем
Күн барагын барактап
чыгам кайра,
Кай мерчемде чарчаймын —
аны билбейм.

## МҮРЗӨДӨГҮ ЖАЗУУ

Мен жашагам.
Мен болгомун жарыкта.
Уулум болгон,
мени сүйгөн жар болгон,
болгон жана урук-тууган,
ата-эне.
Кечээ эле
мунун баары чын болчу.
Азыр өзүм билбей турам —
качан жана кантип келгем бу жайга
неге жатам мында мен?
Турсам болот эле го...
Бирок кантип?
Айтчы достум,

азыр деги кайдамын?
Кайда жаным
кайда деним,
кайда колу, буттарым?!

* * *

Бу күнгө көптөр келип,
көптөр кетер
бири узак, бири кыска
тирлик этер.

бири ачуу,
бири таттуу жазмыш көрүп,
бири ыйлап,
бири куунап күлүп өтөр.

Кайра алар жүз көрүшүп,
жүз көрүшпөс —
шул эле бир дүйнөдө
көч-көч болуп
кайра алар кез келишип
кез келишпес.
...Билинбей
астыртадан өзгөрүшөр.

Сезбестер,
эти калың ноюбастар
көп уктап
бу жарыкта көпкө жашаар.
Тоготпой
ысык-суукту топоз сымал
көп оттоп,
жердин үстүн көпкө таптаар

Комуздун кылы сымал дирилдеген
сезгичтер
бул өмүрдөн эрте өтөөр —
урунуп ысык демге,
суук демге
жемиштей эрте бышкан
эрте үзүлөөр.

Адамдын турпатында түркүн шүйкүм.
Адамдын түп наркында пейил түркүн.
Табият аны ушундай жасап койгон —
өзү өрүп,
өзү саздап аркак, жибин.

Өрчүп ал
мезгил — Күндүн тездигинде
дүйнөнү бүт башкарып алса дагы
шул турпат,
шул наркында, шул кейпинде
калат го,
башы Күндү чалса дагы.

* * *

Бу турмуш жер бетине батпай калып,
аралап түпкүрлөргө үңүп барып,
архитектура жер түбүн абат кылар.
Же чырмалып желедей зымдар менен
көктү карай калдайып калкып чыгар —
космос деп даяр турган ракеттей
архитектура ай чапчып,
араан ачар.
Же кайра көл, деңиздин алдын жойлоп
балыр окшоп,
океан түбүндө өсөр...

Мураатыңын түбү жок
Эй, адамзат,
кол жеткендин бардыгын
көргүн жасап,
сакта бирок дээриңде
каниет, нысап.

Мээримиң сал өрчүгөн турагыңа —
айланат ал огунда кандай алда?
Алсам, жулсам деп баарын
жойлоп, таптап
куттуу дүйнө кутманың
жоюп алба,
басар жериң калтырбай
оюп алба.

## КҮНДӨР ЖӨНҮНДӨ ДИАЛОГ

Б и р и н ч и ү н:

— Турмуштун күндөрү бар:
кудай урган,
түн болуп өмүрүнө
туруп алган.
Кээлери бир тарыхка
чекит болуп,
кээлери бир өмүргө
чыккан чыйкан.

Турмуштун күндөрү бар:
оттоп кеткен,
бой бербей жердин
бардык законуна.
Безээри Есениндей,
Хемингуэйдей,

бет бурган ажал
аттуу жасоолуна

Мындайда өзүн кыят
Маяковский,
кокустан колу барып
маузерге.
Мындайда жалп деп өчөт
күйгөн чырак,
чечилбей туюк калат
көп маселе.
Турмуштун күндөрү бар:
ырайы суук,
жыландай так алдындай
сойлоп чыккан.
Турмуштун күндөрү бар:
терең кудук,
карарып тереңинен
жаң-жуң учкан.

Билгенге опурталдуу толгон
күн бар,
аларды байкап жашайт
кылдат, куулар.
Жана да өз өмүрүн
жөндөп өтөөр,
терең ой акылбектер,
кудайкулдар.
Өтө албас дале болсо
курчтук кылып,
баягы ала көөдөк
өткүр жүрөк,
акындар — сезимкулдар,
маанайкулдар.

Экинчи үн:

— Турмуштун күндөрү бар:
жаркылдаган,
биз ошо жаркынына
кубаналы.
Турмуштун күндөрү бар:
ай чырайлуу,
биз ошо чырайына
чыланалы.

Турмушту көп эзбейли
аркы-берки,
жарыкты караңгыдай
карабайлы.
Кокустан түшүнүксүз
күндөр келсе,
биз аны түшүнүүнү
самабайлы.

Үчүнчү үн:

Күндүн акылы кыска,
Күндүн акылы чала.
Түндүн акылы бийик,
Түндүн акылы таза.

Түн теоретик.
Күн — практик.

# ПОЭМАЛАР



## ЭКИ АСКА

### Биринчи көрүнүш

Көгөргөн көк алдында бой керген эки аска. Алар адам уулуна жер каймактагандан кошо каймактап, музтөр доорун баштан кечирип, көп замандарга күбө болгондой сес берет. Эки аска Орто Азиядагы аты белгилүү бир шаардын чет жакасында жайгашкан. Шаардын турпат-келбети тээ этектен көзгө даана тартылып турат. Тоо түбүнөн калааны карай кеткен бир нече чыйыр жолдордун нуктары көрүнөт. Эки аска—өз өндүрүндөгү адам тукуму тирлик улап, базар кылган көйгөйү көп калаанын табияттан бүткөн күзөтчүлөрүндөй.

Булардын көз алдында калаанын түрү көп өзгөрдү. Канча хандардын, шаалардын бийлигин көрдү. Канча чабылып, канча талкаланды. Чыгыш, Батыштан келген канчалаган сүрмө топ душмандарды тосту, кан суудай аккан сансыз көп кызыл кыргын салгылаштарды баштан кечирди. Көп тонолуп, көп жаңырды.

Ошондой опасыз, теңсиз замандардын биринде адам тирлигине назар салып, үндөрүнө кулак төшөп, эки аска ойго батат. Түнкү тынчтыкта күңгүрөнүп өз ара маек курат.

Биринчи аска:

— Кадалып, назар салып бу дүйнөгө,
кечээги өткөнүнө, бүгүнүнө,
адамдын дымагына таң каламын
чарчабас тирлигинин өжөрүнө.

Ар күнү бири табат бирине иш,
ар күнү бири камдайт бирине муш,
Тапса эгер ырыскысын бирөө эптеп,
бирөөсү өзү болот өлүмгө туш.

Экинчи аска:

— Музтөр доорун билбеген
музообаштар көп бекен?

Биринчи аска:

— Өткөндү эмес, бүгүнүн аңдай албай,
тартканы көп жапаны алда кандай.
Ой бакканы жок эмес арасында,
Жүргөнү көп ооматын кармай албай

Экинчи аска:

— Ар замандын өзүнчө дөө-шаалары,
ар замандын өзүнчө өкүмдары,
болуп келген момуну, бечарасы,
болуп келген көзү ачык акылманы.
Адамдарга башынан бүткөн бул нарк
калып калбайт, арылбайт, болот дагы.

Биринчи аска:

—Жыргап жаткан эл бул деп айтканда да,
болот экен муңдуусу ыйлаак көздүү,
болот экен багы бар бармандары,
болот экен жардысы ачуу сөздүү.

Адамдын үнү:

— Мединанын тоосуна
чыгып келген дүнүйө,

4*

периштенин добушун
угуп келген дүнүйө.

Кош каркыра сайдырып
кыз алдырган дүнүйө,
кош жалпооч жаптырып
ат чаптырган дүнүйө.

Экинчи аска:

— Ойлуу экен бул жандын айткан сөзү,
дүнүйө деп какшанган бул ким өзү?

Биринчи аска:

— Чыкты бул үн төмөн жактан,
шаар сыртынан
жепирейген жер тамдан .
Жатат анда оорулуу жан —
кезинде кылыч кармап жоо качырган,
эрдиги дубан жарган жигит сырттан.
Жатат эми кор болуп илдет шорго
ажырап күч-кубаттан кайран арстан .

Адамдын үнү:

— Ак рапат тоосуна
чыгып келген дүнүйө.,
азреилдин добушун
угуп келген дүнүйө.

Биринчи аска:

— Көңүл өксүп, көздөрүнө жаш толуп,
зор күйүттүн күйүп жатат чогуна.

Жексур оору кыйнап, жанын сыздатып,
ажал улам кысып келет торуна.

Адамдын үнү:

— Узата аккан кара суу
учуна чейин жетемби,
ушул жалган дүйнөдөн
убара тартып өтөмбү?

Экинчи аска:

— Кантет бул адам-пенде,
муну уккан жан эмес, таш —
мен сыздап барам мүлдө.
Сөздөрдү мынча муңдуу
сүйлөбөй койсо эмне!

Биринчи аска:

— Келгени бул жарыкка
багыштап бүт ыкласын,
бир зор иш жасамакка
байлаган жалгыз башын.

Ал ойго чама бербей
тушаган илдет каскак —
кайран эр жаны күйүп,
шон үчүн жатат какшап.

Адамдын үнү:

— Мен эртең жок боломун,
Сен эмне дейсиң турмуш?
Мен эртең көргө кирем,
Сен эмне дейсиң турмуш?

Экинчи аска:

— Буга ким эмне демек?
Бирдеме деп ким буга жооп бермек?
турмуш болсо бир кың дебейт,
ушул түндөй унчукпастан мелтиреп,
кыйындарды кыйырынан өткөрөт.

Биринчи аска:

— Алгач ирет өз үстүнө
кулпенделер тукумун жаратканда
нени ойлоду болду экен жер,
сен ушуга жооп бер.

Экинчи аска:

— Жооп берүү бул суроого кыйын мага,
кыйын ал жана сага, башкага да.
Жер өзү бардыгына ата, ана
жооп, айтса айттаар, мүмкүн, өзү гана.

Биринчи аска:

— Тилим болсо менин азыр
айтаар элем моминтип шыр:
жерде болгон бүт табыптар,
жетип мында келгиле!
Ажал кыскан бул пендеге,
айла таап бергиле!

Канатында кайрымы бар
кайып жүргөн канаттуулар,
кайып мында келгиле!
Жүрөк оору адам жанга
Жүрөк болуп бергиле!

Тапкыла бир шыпаа, дары
ажал жолун тоскула!
Жашоо шамын жандыргыла,
канына кан кошкула!

Жаш жигиттин үнү:

— Абал баар жазында
амалындай бурагым
салкындыгың давандын
шамалындай бурагым,
жарыктыгың жаннаттын
чырагындай бурагым...

Экинчи аска:

Жоргонун басыгындай ыргактуу экен ыры,
жерден чыга калгансыган бул кимдин үнү?

Биринчи аска:

— Калаанын оң жакки четинде
кыз оюн башталган кечинде,
эки жаштын үйлөнүү тою —
кыз, жигиттин тоготуу ойну
ыр коштоп үлпөттүү өтүүдө.

Ырдап жаткан күйөө жолдоштун бири
куйкумдуу экен тили,
жагымдуу экен үнү,
бүт элдин жарпын жазды
кыз оюнда ырдаган ыры.

Аялдын үнү:

— Арпадан жемин чайнабай
Аргымак аза тутуптур,

Турбайсыңбы жан бегим.
Азилдеген кебиңди
Урбайсыңбы жан бегим.

Күрүчтөн жемин чайнабай
Кулүгүң аза тутуптур —
Турбайсыңбы жан бегим,
Кулүмсүрөп кебиңди
Урбайсыңбы жан бегим...

Экинчи аска:

— Бу эмне болгон ыр?
Деги эмне болуп жатат
Бул кушкана дүйнө?
Ушнчалык чиеш* беле адам-пенде?
күн алдында канча заман турсам да
адам сырын мен алиге
түшүналбай келем мүлдө.

Биринчи аска:
Асылган оору акыры жеңген экен,
Алып тынган экен ажал каапыр.
А дүйнө аттанган экен,
жанагы илдетке чалдыккан баатыр.
Бетине беш тырмагын салып,
кудайга үнү жетчүдөй наалып,
жесири зар какшап жатыр.

Аялдын үнү:

— Күнүм бүтүп өлгөнчө
Күмүштү жезге бурармын,

---

* Чиеш — чатыш, татаал деген мааниде.

Күн көрбөй мырзам өттү деп,
күйүтүн тартып куурармын.

Башымда жибек оромол,
алып бир салчы мойнума,
арманыңы тарттырбай,
ала жатчы койнуңа...

Экинчи аска:

— Адамдардын угуп отурсаң үнүн,
Карап отурсаң күнүн,
капталасың туюкка,
түшүнө албайсың бирин.

Бирөө — канкакшап ойдо,
бирөө — шаңданып тойдо,
бирөө — бозоруп көрдө,
бирөө — зор болуп төрдө,

Биринчи аска:

— Бирөө ырдап жатса кубанып,
бирөө ыйлап жатат муңайып.
Мындай алакчы тирликке.
адам башынан көнгөн ынанып.

Экинчи аска:

— Түбөлүк ушундайбы мунуң?
Аягы болбойбу мунун?

Биринчи аска:

— Биз жокто бу тирликтин өзү болбос.
Биз барда мунун такыр каны соолбос,
Каны соолсо да соңу болбос.

Календердин үнү:

— Дубана келет, эй, буркурап,
этек, жеңи эй, дыркырап
алда-үй, алда-үй.
Дубана кирет, эй, эшиктен,
балакет чыгат, эй, тешиктен
алда-үй, алда-үй...

Экинчи аска:

— Бул ак урган ким болуп кетти?
үнү так эле
таман алдынан чыккандай
сай-сөөккө жетти.

Биринчи аска:

— Бул баягы каңгып жүргөн
Карып календердин үнү.

Экинчи аска:

— Бир быткылыбызга кирип
жашырынып алганбы ал чунак,
кээ-кээде эле ушинтип
үнү жаңырыктап турат?

Календердин үнү:

— Кулпендем,
этеги жок, эй, жеңи жок — а,
эндей көйнөк, эй, киерсиң.
Кулпендем,
эшиги жок, эй, төрү жок — а,

караңгы көргө, ээй, кирерсиң.
алда-үй, алда-үй...

Биринчи аска:

— Арбагынын үнү чыгып жатканбы,
төмөн жакта бар эмеспи көрүстөн.
Анын сөөгүн өткөн жылы шу маалда
көп эл келип түбүбүзгө көмүшкөн.

Экинчи аска:

— Агарып келатат, мына таң...
Қара түн киргиче кайрадан
уктайлы үргүлөп эми биз.
Не берет адамга ушул таң?
Апкелет эмне шаң, эмне кам? —
Билбесин, көрбөсүн көзүбүз.

Биринчи аска:

— Агарып келаткан ушул таң
адамга апкелет не майрам?
Же кырсык, же куурал береби?
Түйшүккө чырмалтып кайрадан.

Абада кандайдыр жыт ойноп,
кайдадыр чыкансыйт коюу чаң.
Күн мына, жүрүштөн жазбаган
ээрчитип келет ал кай заман?
Биз эми уктайлы көшүлүп,
төбөгө жабат ал кай асман?

## ЭКИНЧИ КӨРҮНҮШ

Жыйырманчы кылым. Азиянын жылдыздуу асманы. Океанда калкыган эки зор кемедей мезгил-түндү жиреген эки аска. Кыл чокуларында соройгон аба тыңшагычтар (вышкалар) алардын мачталарындай көрүнөт. Аскаларга жакын эле жерден күрүлдөп, чырактары жалтылдап самолет көтөрүлөт. Төбөдө, тээ космос бийигинде түнкү жылдыздай андан-мындан бир жылт этип, жер жандооч баратат. Алыстан демиккен аттай күшүлдөгөн паровоздун гудогу угулат. Шаар өр таянып, аскалардын түбүнө чейин жайпап келип токтогон. Чырактары кара мышыктын көздөрүндөй балбылдаган жеңил машиналар этектеги кара жолдон сейрек, сейрек зыпылдап өтүп турат.

Экинчи аска:

— Жылдыздар асмандан түшкөнбү,—
сансыз от жымыңдайт ылдыйда.
Калаанын өскөнү ченемсиз —
канатын кериптир туш-тушка.
Көпкө биз көшүгөн окшойбуз,
башкача бул түндүн куту да,
башкача бул түндүн жыты да.

Мезгил — бул мухиттей биз сүзгөн
жыйырма кылымга толуптур.
Адамдын айласы өсүптүр,
акылын Айгача созуптур.

Биринчи аска:

— Мен да азыр тыңшап турсам,
башкача адамдардын ой, маанайы
өзгөргөн пейилдери, санаалары,

сөздөрү, максаттары, күү, ырлары.
Калыптыр бир-бирине тең карашып,
жоголуп менменсинген дөө, шаалары
«коммунизм» деген сөздү басса, турса
тынбай айттып жатышат, элдин баары

Экинчи аска:

— Кечээ менин боорумаче
чыгып келди жан бир нече,
гүл теришип сейил курган
жаштар экен өңчөй эле.

Шыңкылдашып, каткырышып,
жигит кызга тийишип,
жүрүшкөндөй ичтеринен
бирин-бири сүйүшүп.

Кечке алар көңүл ачты,
сонун болуп жыргашты.
Керме-Тоо деп бизди мактап,
керемет ыр ырдашты.

Жаштардын үнү:

— Оту, чөбү жок туруп,
малы семиз Керме-Тоо.
Упа, эндиги жок туруп,
кызы сулуу Керме-Тоо...

Экинчи аска:

— Мен ошондо ичимден:
Ойноп, ойноп алгыла,
ойрон кылат дүнүйө.
Күлүп, күлүп алгыла

күмүрөн кылат дүнүйө, —
деп күңгүрөндүм

Биринчи аска:

— Бүркүттөр шаңшычу эле үстүбүздө
көрүнбөйт эми алардын бир да бирөө,
күркүрөп темир канат куштар учат
тынышпай күндүзү да, жана түндө.

Экинчи аска:

— Биз көшүлүп уйкуда жаткан кезде
жерден чыга калгандай адам-пенде
көп иштерди жасаптыр көбөйүшүп.
суу чыгарып алыптыр какыр чөлгө.

Аркан, керки, таш тешээр казык алып,
бугу жүргөн будурга бургу салып,
кулжа жүргөн кырбууга устун кагып,
мышык сындуу тырмышып чыгып келип,
төбөбүзгө кетиптир желек сайып,

Биринчи аска:

— Бая күнү тумчугуп мен тумандан
тунарыңкы дүйнөнү карап турсам,
жер текшерген кош канат айрыплан
(«учма пайыз» дейт аны айрым адам)
келе жатып, күркүрөп кайдан-жайдан
көзү жоктой түз келип мага тийип,
кулап кетти төмөнгө калдаң-кулдаң.

Ай, адам ай, мунуң не, не тамашаң
Жанды бир аз болбойбу абайласаң!

Деп ичимен кайышып кырк кабыргам,
талып турдум кыйлага таппай аргам.

Экинчи аска:

— Ылдыйкы бир быткылда жатат баары,
шол кулаган «пайыздын» сыныктары.
Түшүптүр бир канаты чоң коктуга
угуптур бул кырсыкты бүткүл калаа.
бир канатын сайдан таап уйчу Сары
жабуу кылып алыптыр малканага.

Биринчи аска:

— Акылдын арааны өстү адамдарда.
Чабыты жетип жатат Күнгө, Айга
Алардын талабына багынбаска,
калбастыр экөөбүздө эч бир арга.

Экинчи аска:

— Акылы убай берсин өздөрүнө,
жарыкта жандуу, жансыз бирдигине
ой буруп, түпкүлүгүн талдап чечсе
биз туткабыз бүт жандын тирлигине.

Биринчи аска:

— Кечээги менин көргөн түшүмдө биз,
жепирейип жапыз болуп калыппыз,
такыр кылып төбөбүздү адамдар.
топ кубалап балдар жүрөт чуркап тыз.

Сенин тиги бүркүт уя кырбууңа
курушуптур заңкайтып чоң ашкана
(ресторан дешет экен анысын),

күн жаркырайт чатырында,
жасалгасын келтириптир куп гана.

Түркүн кушкер тамактардын жыты аңкып,
түркүн түрдүү ичимдиктин иси урат.
Күндө кечте күпүлдөгөн күү ойноп,
даңк-дуңк эткен,
чый-чуй эткен үн чыгат.

Бирде ал күү түлкү сымал кыңшылайт,
бирде улуйт карышкырдай уңкулдап.
Ичкен тамак, ичимдиктин деминен
эргип, толкуп, жөн туралбай ысылап,
албарстыдай самсаалатып чачтарын
аял, эркек бийлейт анда шылкылдап.

Экинчи аска:

— Шундай түштөн баштааларын бир аян
беш күн мурда мен да өзүмчө байкагам:
ушул калаа оттой күйгөн зор деңиз,
деңиз эмес, толкуп-ташкан океан —
толкундары жалын болуп жалбырттап,
жалмачудай бизди көздөй каптаган.

Бул апаатка эч бир айла табалбай,
жерге житпей, же асманга кеталбай
От ичинде туруптурбуз калтылдап,
от да эмес, кайнап жаткан бир магма
кысат улам демиктирип алкымдап.

Кыйналгандан ойгонупмун мен чочуп,
себеп болуп сенин дагы кобуруң.
Бирок ичте үмүт үзбөй адамдан..
бул түштү да жакшылыкка жорудум...

## ЭЙДОС ДҮЙНӨ*

(«Жарыктын ыры» поэмасынан биринчи башталыш)

Мезгил барат өмүрдү айдап,
Мезгил барат жанды арбап,
Тоо суусундай жаш агызып.
Тоо суусундай жээк жалмап.
Агымында кылак-кылак
Бардык дүйнө кетип барат —
бу болмуштун кезеңдери
жийде бурак, кыз бурак
жана дагы жашыл жагоо
Шамал баш көөдөк курак
жетегинде барат узап
жаш маанайы жаркылдап...

Автор

### БИРИНЧИ БӨЛҮК

### ЖАН:

— Айдан, күндөн,
жерден, суудан —
бир туюк туурдан
зу-у-у-у-у-у!
Ак мунарык көшөгөлөр,
ачылгыла алдым тоспой,
аалам койнун карайын.
...Айтпай-дебей, болжошпой
бинаа болуп кокусунан
бу жарыкка келатам!
Улуу күндү утурлап,
ачылгыла, ак эшиктер,
түрүлгүлө түндүктөр!

---

*Эйдос дүйнө—философияда: өзгөчө ойлоо түшүнүк жана сезимдердин дүйнөсү.

Аз убакка шаңданып,
аралай чаап өтмө катар,
бар мазмунун бу болмуштун
дирилдете тытмалап,
желип өтөт бир курак.

II

Айланып, үргүлүп
секирип түйүлүп,
жарыкка каранып.
келет бир дух сүйүнүп...

III

Андан-мындан
алда кайдан —
бир бүткөн жандан
салам сага, чын-жалган!

Шуулдагыла дарактар,
боройлогула бороондор!
Чаңчыл дүйнө чаңдашсын!
Бирдин деми бирге өтүп,
уланыцып, чиркешип,
жерде турмуш куюлушуп,
зуулай берсин соңуман.

ТАБИЯТ ДУХУ:

— Келдиң мына жарыкка,
кирдиң турмуш гаммасына.
кеттиң агып...
карааның да
калды такыр көрүнбөй.

ШАЙТАН ЭШИК:

— Болбосоң — болмок,
келбесең — келмек.
Кел — кет,
кел — кет,
кыйч-куйч,
кыйч-куйч.

1-ЖАН:

— Үндөр келет көтөрүлүп
тереңинен дүйнөнүн,
жаң-жуң этип каңырыштуу
чыккан жанырыктардай —
куугун болуп
дүң-дүң этип,
алда кайдан алыстан,
терең коолуу давандардын
күүлдөгү өңдөнүп.

2-ЖАН:

— Мен билбей эчтемени
кечиндей мерес күндүн
жөн эле каңгып жүрдүм.
Карасам азыр эми
көп баскан жолдорумдун
такыр жок баш-аягы.
Кантсе да курган жандын
өмүрдө мындан ары
калбаптыр барар жагы.

3-ЖАН:

— Жапан дүйнө,
жапан дүйнө!

Чапан жыртып келген үйгө.
Карт дөбөттөй улуйсуң не,
уйку бербей улуу түндө?
Бир тыңшасам — шамалдайсың
жердин түгүн дирилдеткен,
бир тыңшасам — үргүлөп ээн
чөл окшойсуң жаткан кереӊ.
Бир тыңшасам — албуут мухит,
албуутуңан жаналбайсың.
Бирде гүлдүү бакча болуп,
миң кубулуп жанды арбайсың.

1-ЖАН:

— Кым-куут кыймыл табышмактуу,
ызы-чуулар азгырыктай,
жаркыраган чакырыктар,
кыз чарындай кыйкырыктар...
Калаадагы кара бактар,
кара бакта делбе болуп
шарактаган шамал баштар,
арт жагында элейишип
карап калган аппак чачтар.
Өчүп-жанып бу турмушта
өтүп жаткан түркүн заттар.

2-ЖАН:

— Нени айтат белгисиз
дүйнө — каман күлдүрөк,
жапан сырдуу күңгүрөп
күкүм учуп деминен
күү-гүү түшүп күлдүрөп
тегеренген тегирмен,
чарк айланып чарчабай

өзүн өзү кемирген.
Ырдайт дуулап жаңырып,
дубанадай ак уруп,
балапандай чыркырап,
этек, жеңи дыркырап,
айдап тозок куюну
кайда экенин билбестен
жандалбастап буркурап.

Мезгил учса зуу коюп,
сергий түшүп деминен
жан кыйнаган тардыктар,
бейжай мерес закондор
кулайт го деп тегинен
чимирилип туйлайт ал,
дөңгөлөнүп бийлейт ал:
тарса-тарса, күрсө-күрс
таманынан чаң чыгып.
таңыркаган ааламды
чакчарыла каранып .

Жашоо духу дүңгүрөп.
түрмөктөлүп толкундуу
мезгилдерди аралап,
мезгилиңдин түспөлдөрү
дүйнө карап сагалап.

1-ЖАН:

— Эй, убакыт,
мени кайда сүйрөйсүң?
Келдим го дейм
акыр жетчү жериме.
Өтпөйүнчү мындан аркы чектерден,
мындан ары —
башка өмүр, жаш дүйнө
мен ал жакка жапайыдай кирбейин.

ЖАН:

— Мезгил бизди сүрөөгө алган
лөкүлдөтүп айдаган,
бороон коюп артыбыздан,
төбөгө күн кармаган.

МЕЗГИЛ:

— Алпурушуп,
жердин бооруң тытмалап,
табияттан оокат табам деп жүрүп
өзүң барып бир күнү
табиятка оокат болуп каласың.

Адам жана табият,
оокатсыңар бир-бириңе экөөңөр!
Мен силерди чимирилтем парадай.
Бар дүйнөнүн ,
жок дүйнөнүн,
чарк айланып арасын,
арасында жуурулушуп,
каршы-терши куушуп,
бүтпөс турмуш табасың да,
бүтпөс болуп каласың.

ШАЙТАН ЫРЫ:

— Апаң болот,
атаң болот,
баары болот,
сен болосуң болочоктун уулу.
Табияттын бүтүп боюна
энең сенин
мүмкүн бүгүн

мүмкүн азыр туулду
(туулбаса кубулду).

ШАЙТАН ЭШИК:

— Болбосоң-болмок,
келбесең-келмек.
кел-кет,
кел-кет.
кыйч-куйч
кыйч-куйч.

ДҮЙНӨ

— Ыз-ыз-ыз-ыз,
гывы-гывы-гывы,
зың-зың-зың,
зуу-зуу-зу—
(дүлөй дүйнө деми ушу).

ЖАН:

— Эй, дүлөй күн,
сен не деген дүйнөсүң?
Кайдан бүттүң деги өзүң?
Кайдан чыктың зуулдап,
кайдан келе жатасың?
...Эми кайда барасың?

ДҮЙНӨ:

— Ыз-ыз-ыз-ыз
гүү-гүү-гүү-гүү
зың-зың-зың-зың.
зу-зу-зуу-зуу.

Жарык, күңүрт

сүйлөөк, дудук
баш аягым туп-туюк.
Кайнап, тунуп
Толкуп, дымып
келе жатам эчактан,
өтө берем ушунтип,
бир сөз айтпай түшүнтүп,
Зың-зың-зың-зың,
зуу-зуу-зуу-зуу,
гүү-гүү-гүү-гүү...

1-ЖАН:

— Арыл, арыл, арыл турмуш
арыл абал жайыман!
Томого, торуң чала бербе,
тогуз курчап ала бербе
өмүр күнүм куурултуп,

Кол, бутума кишен салбай
этегиме жармашпай,
оолак болчу көп кыйнабай
жан тажатма аялдай.

Жаралган соң ырасынан,
жарк этүүгө укугу бар,
кокус өчөөр бир жылдыз
Каруу кысып карышпачы,
кара мүртөз, пейли тар,
арыл, арыл, арылып кал
арыл менден шум турмуш!

2-ЖАН:

— Кысталтып демим,
курчалтып бекем,

катырып жылгыс,
капшырып тургус
арылбай демеп,
артыман келет,
өзүмдө дуулап,
көөдөндө турат —
какшанып-ыз-ыз,
саратан турмуш.

* * *

Суугa айланып,
бууга айланып,
кумга айланып,
келет качып,
кайып болгон кайран дух,
Жалган дүйнө артында,
кууп келет безилдеп,
кутулууга тезирээк,
өзү айланып жалганга.

Андан, мындан
ай-ааламдан,
жоктуктан
жок дүйнөдөн,
ыз-ыз-ыз-ыз...

...Кайра артына жашынууга шашылат,
табият турпатына боюн урат.

ЖАН:

— Мезгил бизди сүрөөгө алган,
лөкүлдөтүп айдаган.
Бороон коюп артыбыздан,
төбөгө күн кармаган.

1-ЖАН:

— Кач,кач, кач!
Жол бошот, сен!
Жок жок, качпа!
Мен суумун,
мен канмын.
Менин каным
сен жеп жаткан алмада.
Менин даамым
сен шимирген анарда.
Ич! Же! Жут!
Анткени, сен барсың,
мен жокмун.
Сен ачсың,
мен токмун.
Мен тоюп бүткөм
турмушуңа, дүйнөңө!

2-ЖАН:

— Арбап алдап, ажылдап
жутуучудай будалап,
жалган сындуу чын дүйнө
чыңырып келет артымда,
чыкыроон болуп кубалап.

ЖАН:

— Балапандай
барар жери куурулган,
чыйп-чуйп этип
көрүнүп андан-мындан,
тагдырың лөлү кемпир төлгөсүндө.

Бу күндөр
калпак болуп калдаң-кулдаң

бараткан жасайылдын келдесинде.
...Оодарат
омок алган турмуш түртүп.

3-ЖАН:

Кай жолго салдык?
Кайларга бардык?
Кайларда жүрдүк?
Эйдос дүйнөдө
эйдос ойлорду көтөрүп каалгып,
биз эми кайларда калдык?..

## ЭКИНЧИ БӨЛҮК

### ФАЭТОН*

Чагылганы жарк этип
Күн кудайдын,
айдынына чагылып
аалам жууктун,
чак-чук этип чачырап
бырын чырын,
оттой күйүп фонунда
чексиздиктин,
таштай учуп, жаңыртып
учу-кыйрын,
өлдү дүйнө,
Өчтү дүйнө.
Чөгүп кетти,
тарап кетти
тамырына тунжурдун...

---

* Фаэтон — өчкөн планета.

ЖАН:

— Мен азыр айран таңмын
ошол отко.
Мен азыр айран таңмын
Фаэтонго
Эгер дүйнө шундай бүтсө,
бул абдан жөнөкөй го...

...Унчукпай терс бурулуп,
карабай эч тарапты,
жарыктын бардыгына артым салып,
үңкүйүп,
түшүп түпсүз түнт жолго,
кете бергим келет каңгып.
Артымдан Аалам жарык
жалбарса да апа болуп,
«Кайткын!» — деп Адам ата
айкырса да ата болуп,
бир кылчайып койбостон безээридей,
мөгдөп ыйлап, буркурап,
заарккантып, уккан жандын
заманасын куурултуп...

ФАЭТОН:

— Духтар, духтар
жарык-жууктар —
Зевс чачкан уруктар!
Кайдасыңар каректерим,
чыгабы бир даректериң?

(Ошо замат обо толуп,
миң-сан үндө созолонуп,
ойгонушту бүшүркөшүп,
баары асман тело болуп):

ААЛАМ ЧЫРАКТАРЫ:

— Мен каяктан кайып болгом?
— Мен кай жерде мынча уктагам?
— Мен каяктан үркөр конгом?
— Мен эмнеге эрте ойгонгом?
— Мен каяктан жарык жангам?
— Мен каяктан Чолпон болгом?

ФАЭТОН:

— Чурулдаган чырактарым,
шоолалары жарыктын!
Баарың менден жарык жандың,
баарың менден нурландың.

Сен да сулуу,
Чолпон болгон
сен да бүттүң Фаэтондон.
Бардык духтар аалам толгон,
бардыгың тең Фаэтондон.

ЧЫРАКТАР ХОРУ:

— Үлбүл, үлбүл, үлбүл биз,
үлбүл жанган миң түрбүз.
Үркөр кызы үлпүлдөк,
үйрүлүшкөн миң күн биз.

Күн караса күндөбүз,
Ай караса айдабыз.
Бирде чынбыз, жалганбыз.
Фаэтондон жанганбыз,
өчпөс өмүр алганбыз да,
өчпөс болуп калганбыз.
о-бо-бо-бо-бо-

бе-бе-бе-бе,
бе-бе-бе-бе,
бо-бобо—бо...

Ушинтип,
уу-чу-түшүп жамырашты,
төгүлтүп
чырайларын жадырашты,
Куштардай
кубулжутуп миң обондо,
сайрашты
чурулдашып дүйнө толо...

ЖАН:

— Мен дале түк эчтеме түшүнө албайм...
Деги кантип түшүнүлөт шул ырлар?
Деги кантип түшүнүлөт шу күндөр?
Деги кайда жоголушат өмүрлөр?
Деги кантип түгөнүшөт,
кантип бүтөт дүйнөлөр?

ФАЭТОН:

— Дүйнөлөр кантип бүтмөк эле,
дүйнөлөр мына мен окшоп бүтүшөт,
мына мен окшоп өчүшөт дүйнөлөр.

## АСМАН СӨЗ

(«Жарыктын ыры» поэмасынан экинчи башталыш).
Рамис Рыскуловго.

МЕН
Ойноп жүрөт Күлкү деген күжүрмөн

үнү чыгып
ички үйдөн да, сырткы үйдөн,
Шаттыгы да кошо жүрөт шадаңдап,
эл сүйгөн да, мен сүйгөн, —
өз териме батпай кетип заматта
ракеттей түз бет алам максатка
мээге келип кузур ойлор күрсүйгөн.

Ал ойлорду дарактардай ар жерге
түгүүм керек тирек кылып дүйнөгө,
же кыпкызыл желек кылып желпинтип,
жетүүм керек жер-жеберде сүйүүгө.
Ал ойлордон мага келген дем менен
бу турмушту санап коюп тизеден
куш учпаган, ити дагы үрбөгөн
космосума сызам көңүл күсөгөн.

Бул дүйнөнүн улуу сырын жоготком
улукман да, гений дагы билбеген,
ага кошуп бир зор сүйүү жоготком
мажнун болуп таппай келем аны мен.

Ак чөлмөгүм кайда чөккөн билбеймин,
алтын ачкыч билбейм кайда түшкөнүн—
мен бир улуу поэмамды жоготком
издеп аны аалам койнун тинтемин.

## ПЛАНЕТАЛАР АРАСЫНДА

### I

Жакшы уктаган окшоймун —
көтөрүңкү көңүлүм,
(мындай уйку сейрек болот чынында,
дайым болбойт мындай күн да,

мындай көңүл бир болот бир кылымда!
басам шаттуу кыңылдап,
кээде коем ышкырып,
кээде коем ыр ырдап.

II

Жайдаңдаймын жакшы аттай

III

Айланамды карасам —
Бешик-Жон деп аталган
планетте келатам
атам көрүп, укпаган.

турмуш мында кыйма-чийме
түшүнүксүз эң эле —
кишилери кишидей,
күн баш экен кыздарынын көбү эле.

Келем толкуп, делбелеп,
ыр ойлосом ыргактарым шыр келет —
кээде мени даарыйт шундай керемет,
же башкабы Бешик-Жондун абасы
канча повесть, романдар мазмуну
бир сап ырдын канатында жарк этет!

Көрктүү ойлор көкөлөтүп сезимди,
акылым айга алкындырып өзүмдү
Бешик-Жондун калаасында бейтааныш
келатыпмын
элеңдеп ээрчип жыйырмадагы кезимди.

Жерде жазган ырларымды мен мында
турдум тыңшап айран калып, —

шамалга ыргытылган шатман сөздөр
жүрүшөт сезимдердин чаңын кагып.

Бул жакта мезгил зымырык,
көнүмүш сөздөр жоготкон татымын,
чымчыкчаар турмуш чыңырып,
чыйпылдайт табалбай акылын.

IV

Билбеймин кайсы калаа:
көптүгүнөн баш адашкан,
койкондоп каршы-терши жол талашкан
чоң-кичине, узун-кыска
түркүн түс, түркүн келбет
планеталар арасында
келатыпмын кериле басып,
кең жайык аянтчада.

Кызык дүйнө айланамда —
кайыңдар, мажнун талдар, жүзүмзарлар
төгүлөт оң жакта да, сол жакта да...
Жүрүпмүн Бешик-Жондун атагы ашкан
«Беш көкүл» деп аталган бульварында.

V

Күн дегени карайт көздү күйгүзүп,
Ай дегени алда кайдан
Айдай болуп көрүнүп
алапайым кетирди
(Аида экен кийин атын сурасам),
Көргөн окшоп айчач гүлдү
бакырайтып ачыптырмын көзүмдү.

Сүйүү ойнун ойносом деп бир азга
айланчыктап, мулуңдап
бир тал гүлдү сунуп калдым
сылык болуп кудуңдап.
Имерилип ал да мага
гүлүмдү алып таңданып,
каректерден от чачышып,
калыптырбыз арбалып.

Ошол саатта жарк-журк этип асманы
(Ким күтүптүр буга окшогон каскакты)
Шарт-шурт келип, Марс дегени марчаңдап
ортобузга туура тура калбаспы,
Урду андан ушунчалык суук илеп —
(суусу сексен градустай чамасы).

Ызгаар чачты ал мага—
үшүп кеттим калтырап,
ызырындым мен ага
муштум түйүп калчылдап.

Туруп, туруп, жаалым кайнап,
заряддарым заргытып,
чамгарак болуп оролуп,
«чак» дей түшүп чагылгандай
кеттим кайып жоголуп...

VI

Апогейим, перигейим биле албай
кай жердедир келем сызып,
ыза толгон монологум бүтө албай
ичтен кайнап, ичтен кызып...

## VII

Калдымбы же айланып радарга —
угулбас терeңдеги дабыштар да
кандайдыр табышмактуу аян окшоп
капкайдан жаңырыктайт кулагымда.

## VIII

улуп-уңшуп түпсүз доорлор,
дүлөй дүйнө дүңгүрөйт.

## IX

Галактика — жайлоом менин,
жылдыз толгон төрүмдөй —
жылкычыдай жылдыз айдап
жүргөнсүймүн көрүнбөй.

Галактика тили жоктой
түшүнбөстөй карайт түркөй,
а мен аны түшүнөм деп,
койнун тинтип жүрөм кетпей.

## X

Эмне болду?
Же жерге мен
жакын келип калдымбы?
Жаңга жагым илеп жетти тумшукка —
бийик муздактыктардан
түштүм төмөн ысыкка.

Ар-ар жерден көзгө урунат
космикалык башкаруулар борбору,
обсерваториялар

аскар-тоодой тирмейип көк караган.
Сыр катат академиялар —
илимдин сандыктары заңгыраган.

XI

Алтын Жер — түнөгүм деп көзгө тутуп,
карааның көргөнүмө каниет кылып,
алгандай жанга кубат бир кылымдык
эсен-соо турганына көңүл жылып:
— Ааламга чалгын чалган мен бир уулуң
келейин дагы бир аз оюн куруп, —
деп кайра
космос жиреп тике сызган
Королевдун трактында бара жатсам —
Бакыт куштай «пырр» деп учкан,
кош чулдуктай жарышкан
эки сап ыр кайдан-жайдан
жетип келди сезимге,
«дүрт» дей түштүм ошол замат
(от тийгендей бензинге).

Токтоп дароо, жанды сыйпап
кагазга аны түшүрүүгө ашыктым —
мен ушундай кокус келген
поэзия чулдугуна ашыкмын.

XII

Зуулап жүрөм мен кайдадыр —
жака-белде жайнаган
чамгарак көз планеттер,
чарк айланган чүрөктөр
«кыт-кыт» этип күлүшөт,
бирде жакын, бирде алыс

бир келип, бир кетишет
канаттуудай кайкып учкан
жандан жанып өтүшөт.
Алда недей көрүнүшөт
караандарын кашкайтып,
мен да аларды
карайм көзүм чакчайтып,

Как жарып орбитасын Сатурндун
бара жатсам мен күү менен
кыйкырды ал жини келген түрү менен:
«— Чулдуксуң сен!»

«— Туюксуң! Жалгызсың! — деп
жооп айттым мен, —
— Ичиндин актыгы же кызылдыгы
бычактын мизи тийбей билинбеген
дарбызсың сен!»

Кыйкырдым да
мен ага аялдабай,
Кыргыз тоодон кайкыган жагалмайдай
секундуна эсепсиз чакырымдар
серпип кеттим Марстагы шамалдардай.

Кыйла барып карасам: ак панардай
алды жактан көрүндү аппак шоола,
аппак таза шамалдар урду бетке —
көрсө келип калыпмын ак жубардай
Ак марал деп аталган планетке.

Ак маралдын ааламы бүтүн аппак,
тоолору ак, көйкөлгөн чөбү да ак,
токою ак, шар аккан суулары ак,
ак седептей жылдыздар турат курчап.
Бийик тоонун үстүнөн түшүп келдим,

эс алайын деп бир аз басып демим.
«Жер — түнөгүм, маа кубат бергин»,—
дедим
элестетип булагын, көк шиберин.

Ак маралдын отурдум бир дөңүндө,
Тариэлдей,
зор сүйүү көөдөнүмдө.
Дарежаным мен бирок табалекмин,
Табаламбы?
Ким билет бул өмүрдө.
Ушул сезим тогундай электрдин
«зырп-зырп» этип,
дениме сыйбай менин
оту сымап жазылчу улуу ырдын,
учкун окшоп учунан чачтарымдын
жылт-жулт этип чачырайт заряд — демим.

Илгерки бир заманда кыргыз элден
Санжы деген сынчы адам өткөн экен,
Жер шарынын кайсы бир дөңчөсүндө
отуруп бу тирликке көз жиберген.

Турмуш турбайт,
өзгөрөт, гүлдөйт, оңот
узун нерсе кыскарат, бөксө толот,
бирде өөрчүп,
бирде өчүп азат, тозот,
барып, барып акыры эмне болот?

Колун алып маңдайга күн серептеп,
бул тирликтин акырын көрүүнү эңсеп,
замандардын көп кабат пардасынын
ар жагына көз курчун салчу дешет .

Көкүрөгү сезгенди болжол менен
көзү ачыктай чек коюп айткан экен.

Адамзаттын тукуму бара-бара
өөрчүп, өсүп, жетерин кай абалга,
космоско учкан бүгүнкү биздин күндүн
чет-жакасын көргөн дейт шол заманда.

Шол бабамдай мен дагы ойго батып,
бул ааламды алдыга бир имердим ,
таканч кылып кылымды жыйырманчы
эртеңине эрикпей көз жибердим...

Станциялар алыскы жерден келген
жылдыздардай көрүнүп ар-ар жерден
планета аралык жолду улап,
бир-бирине жалганып, кайра ажырап,
кораблдер учурат өздөрүнөн.

Спутниктер көп жүрөт көздөрү курч
эч ким билбес бир сырды издегенсип,
жылдыздарды кадалып көп карашат,
Жерди дагы тиктешет тирмейишип.

Адырында отуруп ак маралдын
алда кандай ойлорго мен бет келдим:
бул ааламдын акыры не болорун
билбей өтүп кетемби деп сестендим.

Алтын бешик түнөгүм,
сен айтчы, Жер!
Чарчаганда сенин улуу жүрөгүң
билгим келет не болорун,
кантип турмуш кыбыраарын,
кантип тирлик жүрөөрүн.

Эй, улуу Күн!
Качан күйүп бүтөсүң?
Билгим келет сен жок кезде бул аалам
кандай болуп күн кечээрин,
кантип өмүр сүрөөрүн.
Деп дөөдүрөп,
өзүмдү бир байкасам —
өөдүк-сөөдүк дейди ойлорго
сүңгүп кетип баратам.

Шарт турдум да,
акыл пештеп,
алдым катуу силкинип,
суук ойлордон ичиркенип,
«шариктерим» текшерип,

булчундарым чоюп-керип,
«буроолорум» бекитип ,
кеттим жүрүп, —
Ак маралдын
базар кылып аймагын,
токой, чөбүн термелтип...

## XIII

Көзүмдү ачсам бир убакта,
Ак маралдын бир шаарында
жүрүпмүн көңүлүмдү көккө учуруп,
Аймаран деп аталган бульварында.

Планеттер алды-артымда,
асты-үстүмдө
калкылдашып учкан шардай,
түркүн тей, түркүн түстө
карашат сүзүлүшө, тигилише.

Көк көздүү,
кара көздүү,
өрмө чач,
түймө чачтуу
жүргөнсүйм периштелер базарында
уурданган уялыңкы көз карашуу...

Мынакей, капилет бас!
көрүндү бир кара каш!
Жүрөктө жарк этип жаз,
сезимде алоолонду «Он сегиз жаш»!

Чолпонубу?
Билбейм деги кимиси,—
чоюлат да, керилет.
Мына, кокуй,
келе жатат берилеп,
баспай эле бир тал гүлдөй
үлбүрөп да, дилдиреп
жай гана ал
учуп келе жатыры.
Кантем эми?
сүрүнөн мен
эрип барам шөлбүрөп...

А Чолпонум жылып келип,
конуп калды так жаныма —
мен отурган скамейктин учуна —
Ак көгүчкөн канатындай
ак көйнөгү делбиреп.
Тура калып,
салам бердим ийилип,
өзүмө өзүм
батпай кеттим сүйүнүп,
жагып калсам экен деп
айланкөчөк жүгүрүп,

биилеп кирдим шадаңдап,
атып кеттим чимирик.
Бармактарым карсылдап,
тамандарым тарсылдап,
арам терди бир чыгардым
өпкөм көөп күйүгүп.

Бар өнөрүм көрсөтүүгө ашыктым —
Чолпонайдын көңүлүн
албайын деп бүлдүрүп,
көрөйүн деп күлдүрүп:
— Кызыл — Ай сенин айылың
кызыгам сага айымым, —
деп эки сап ырдап дагы жибердим
акындыгым билдирип.

Чолпонайым ууртунан жылмыйып,
көңүлүнөн келатканда ийигип,
шайтан уруп салбаспы!
Жер куруткан баягы —
сүйүү шаасы Аполлон
кайдан-жайдан шуу этип,
учуп келип калбаспы!
Чолпонайды так көтөрүп беттен өөп,
мени карай кабак түйө шар басты .

Келди дагы,
сүзүп ийчүү букадай:
— Жетет эми, ушунчалык бабыра,
жакшы эле тепеңдедиң көрүнөт
эсен-соондо кайткын келген жагыңа!
Калган сөзүң ошол жакка бабыра, —
деп ийнимди кабыштыра бир кармап,
түртүп койду далыга.

Арт жагыман шыңкылдаган

үндөр чыкты: «хи-ха-ха,
ырас болду ушуга,
акын бекен ушу да...»

Меркурийи келиптир,
Юпитери бир жакта,
шойкону күч Плутон
ал да турат туш жакта.

Жылдыздар бүт жамырап,
Үр кызындай үйрүлүп,
мени курчап алышты,
тамашага марышты:

— Күндүн кызын алам деп,
Күнгө жуучу салам деп
учуп жүргөн куюндап,
ушу байкуш сенби? — деп
Сандан чымчып кетишет,
чачтан тартып өтүшөт.

— Ай базарын аралап,
айым издеп сабалап,
Жерден келген желпинип
бул не болгон жарганат?

— Ой, мунун
көзү неге карарат?
— Ой, мунун
чачы неге агарат? —
деп каткырып күлүштү,
шыңкылдашып табалап,
«ха-ха-ха-ха-халап»
акуш* айтып кириштн.

---

* Акуш — хор (эпостон).

Качмак болуп түйүлдүм,
калбай такыр жан аргам,
мындай кордук көрбөгөм —
иттей болдум таланган.

## XIV

Плутондун сөзүн чалды кулагым
шол арадан узай берип бат жылып,
ал күйдүргү мени ырга кошуптур —
уккан эл бүт боо түшүштү каткырып.

Тагдыр минтип тамашага туш кылып,
жаз күнүндөй көңүлүмдү кыш кылып,
турган кезде,
дагы ансайын күйдүрүп,
какаганга муштагандай иш кылып,
элге абийрим төгүп жатат мунусу,
күпүрүм чалып,
күлкү кылып, мыш кылып.

Жаагын жанган Плутондун сыры да,
чындап эле чыгыптыр ал кырыма:
«Жер шарынын абалаткан иттерин
көк даңгыт» — деп кошуптур ал ырына.

Шашпа,
мен да ышмалдаңды чыгарып,
эл оозунан түшпөс кылып кылымга
электрдин тогундай ыр жазбасам,
оттуу сөздүн бир келтирип ыгына .

Деп, өзүмө берип бекем убада,
бирок ачуу ыза бийлеп кайра эле,
муун-жүүнүм сыздап, баары зыркырап
жарылчудай батпай барам денеме .
Мына ушундай ала тектүү нарк берип

бул ааламдын түбүн кимдер түптөгөн?
Суу түбүндө, Жер үстүндө, асманда
тириликтин тең эмесин билчү элем —
(күчтүүлөрү күчсүзүнө шаа болуп,
чоң балыгы кичинесин жеп көнгөн)
ырайымсыз зан-законун көп көргөм.
Бирок түпсүз космосуңа не болгон?—
муну мындай нукка салган кайсы эгең?

Байкап келем учуп-конуп ар жерден
ыза үстүнө ыза тартып кайра эле.
Бүт ааламдык түзүлүштүн катасы
же адепки башатында бар беле?
Же тескери жаратканбы апасы?—
Неге мынча тескериленет баары эле?

— Тагдырдын бул кандай сызганы? —
Мен үчүн дүйнө-өмүр суз баары.
Кыйнады, үшүттү жүрөктү
уюлгуп кайгы-муң ызгаары, —
деген төрт сап арман күү да
келип түштү дептерге.

— Жарыкка жан жаралып калгандыгы,
анан соң анын жашоо убарасы,
жана да анда турмуш жалгандыгы,
деп аны улап кетти да бир сезим .

Көтөрүп жүргөндө да канча заман
бул башым кимге эмне кылып бермек, —
Деп улам өзүмө өзүм жаалым кайнап,
ызанын даамын татып ачуу, кермек
өзүмдү тоого, ташка жанчкым келет

Баарыдан Аполлонго ачуум артып,
айттым абдан наалатымды өпкөлөп:

ал сүйүүнүн болсо адил кудайы
мен мажнундун тилегин не эп көрбөйт?
Махабатым эми жетип кармаарда,
кайра мага каскак болуп жол бөгөйт?

Эки күндүк энем берген өмүрдү
махабат деп сарп кылганым не билбейт?
Же анын да май басканбы жүрөгүн,
азабымды неге сезбей дүңкүйөт?

Бирок сүйүү аалам кезген жолумда
алды жактан үмүт берип үлбүлдөйт.
Сүйүү, сүйүү, дилим сүйүү деп какшап
агарды го кара тармал чачтарым ,
бүт ааламдын түбүн түрө кыдырып,
түрүм кетип, Тариэлдей чарчадым,
Дарежаным таппай дале тагдырдан
тарай жаздап барат мына базарым.

XV

Шул мерес ой жылдызымды түшүрүп,
үрөйүмдү учурат,
тилектерим айнектей ак
ташка тийип бычырап,
сезимимде өткүн өтүп,
муздар тоңуп
чилде болуп кычырап,
кыйындыгы тоголок кара турмуштун
мээге келип лыкылдап,
дүйнөлүк драмалардан үркүп,
мен тирликтин кырында турам кылтылдап...

Туруп, туруп муңкурап
кеттим безип,

духтун бүтпөс көйгөйлөрүн
түбөлүк көрбөйүн деп,
чуулгандуу жарыкты бойлоп зымырап,
куу кумпай болдум кубулуп,
кылымда бир кылайып аян берер
куйруктуу жылдыз болдум.

Ак маралга кош айтып,
тойлору, согуштары
ыйлары, кубанычтары,
ырлары, жомоктору,
съезддери, футболдору менен бирге
баарына чекит коюп,
такыр башка дүйнөгө
кеттим кайып жоголуп...

Кээ жерде жаңырып куунак
жаркылдап, закымдап, дуулап,
кээ жерде эскирип, урап,
кайран жан зыркырап сыздап,
кайдадыр баратат ыраак.

## XVI

Ал — бир дух,
түп ырчысы түшкө кирер,
баталбайт ал араңарга силердин,
бул турмушка батпайт эч.
Мезгил эмес,
күндөр эмес, саат эмес,
мүнөткө да, секундга да сыйбайт ал.
Ал — өзүнчө чексиздик,
чарт-чурт жанып желдеген,
турмушка ээ-жаа бербеген,—
тээ алыскы жаңырыктай,
кара түндө чакырыктай
чаржайыт жайыл кең мекен.

## XVII

Бу жарыкка неге акарат айтмакмын,
толук болсун бүт мүчөсү турмуштун
Чак түшкү күн тийип турсун,
гүлдөп турсун сүйүүлөр,
шоодур кагып эсепсиз көп
шуруларды жаткандай силкип,
жаңырыктап жашарсын өмүр —
жаштык күнүм, сүйүү күнүм издейм мен.

Аралап толкундарын мезгилдердин,
ойлорду алыс айдап пас, мунайым
кайрадан жерге кайыйм.
Дүргүтүп турмуш тулкун
ыргытам жыргал кылып,
жаз быякка, күз тыякка
жаңыртып негиздерин.

## МАЗМУНУ

### ЫРЛАР

Ишембилик . . . . . . . . . . . 4
Жер турмушу . . . . . . . . . . 5
Жаш лерма* . . . . . . . . . . 6
Жаш акын . . . . . . . . . . . 8
Апа . . . . . . . . . . . . . 10
Базар портрети . . . . . . . . 11
Шаардагы бороон . . . . . . . . 12
Жан . . . . . . . . . . . . . 14
Жооп . . . . . . . . . . . . . 14
Жыпар . . . . . . . . . . . . 16
Куткатай — Кулпунайга . . . . . . 17
Кулпунай — Куткатайга . . . . . . 19
Аял . . . . . . . . . . . . . 22
Жоголгон блокнот . . . . . . . . 22
Дүйнө-күн . . . . . . . . . . . 25
Бариктер күйүп жатат жол боюнда . . . 26
Бюрократ жана чынчыл . . . . . . . 27
Шамал дос . . . . . . . . . . . 29
Алыш боюндагы сөз . . . . . . . . 30
«Бул жашоо...» . . . . . . . . . 32
«Бу тирликтин...» . . . . . . . . 33
Адам . . . . . . . . . . . . . 33
Найманбай . . . . . . . . . . . 34
Дөңгөлөктөр . . . . . . . . . . 35
Учурашуу жана коштошуу . . . . . . 36
«Кыз — дөңгөлөк» . . . . . . . . 36
«Кызыл алма...» . . . . . . . . . 36
«Дөңгөлөктөр» . . . . . . . . . 37
Түшүмдө көргөн шаар . . . . . . . 37
Маанай . . . . . . . . . . . . 39
«Баатыр» аттуу коңгуроо саат жанында . . 41
Күрөштүн жообу . . . . . . . . . 42
Шаардык . . . . . . . . . . . . 42
Мүрзөдөгү жазуу . . . . . . . . . 43

**ТУРГУНБАЕВ СҮЙӨРКУЛ**

# ДВЕ СКАЛЫ

Стихи и поэмы

(На киргизском языке)
Издательство «Кыргызстан»
Рецензиялаган Ж. Мамытов.

Редактор О. Көчконов
Көрк. ред. В. А. Лысогоров
Сүрөтчүсү Т. Исамадыров
Тех. редактор. Ж. Сооронкулова
Корректор С. Токтогулова

ИБ 2068

Терүүгө 10.02. 1982-ж. берилди Басууга 2.08. 1982-ж. кол коюлду. Д—03028. Кагазы типографская № 1. Адабий арибн, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70х90 1/32. 3,125 физ. басма табак, 3,656 шарттуу басма табак, 4,068 учеттук табак. Боёк түшүрүү 3,802. Тиражы 3000. Заказ № 1053. Баасы 40 т.

«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Мукаш Абдраев көчөсү, 72.

## КИТЕПКӨЙЛӨРДҮН ЭСИНЕ!

Сиздер жакында төмөнкү китептерди дүкөндөн сатып алаласыздар.

1. Абакиров М. «Алмалуу бак».
2. Садыбакасов Ш. «Ажайып күндөр».
3. Медетов Ж. «Зоболо»
4. Коллектив. «Кыргыз макал-ылакаптары».

40 т.

